**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025–жылдын 24-июлу № 11/45**

**Кызыл-Кыя шаардык прокуратурасынын 2025-жылдын 21-июлундагы №25/136-07-11-01-00616 ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү боюнча сунуштамасын кароо жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия (диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 23-июлундагы №12 протоколун эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаардык прокуратурасынын 2025-жылдын 21-июлундагы № №25/136-07-11-01-00616 сунуштамасы Кызыл-Кыя шаардык кенешинин сессиясында каралгандыгы эске алынсын.
2. Кызыл-Кыя шаардык прокуратурасынын 2025-жылдын 21-июлундагы № №25/136-07-11-01-00616 сунуштамасында көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актылардын бузулушу четтетилсин жана мындан ары мыйзам бузууларга жол бербөө жагы шаардык кенештин аппаратына жана шаардык кенештин депутаттарына эскертилсин.
3. Бирдиктүү салык декларациясы боюнча түшүндүрмөлөрдү өз убагында берип туруу жана окутууларды уюштуруу жагы шаардык салык инспекциясына жүктөлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Аматов**